...СПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
...МАМЛЕКЕТТИК КАТТООДОН
КАЙРА ...ӨТКӨРҮЛДҮ №... КҮБӨЛҮК
...ЫНЫН КАТТАЛГАН КҮНҮ 20....ж. «.....» ..........
МИНИС... ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
...ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ
...«28» января 2022 г.
...СВИДЕТЕЛЬСТВО № 9110 004/2011
...ПЕРВИЧНОЙ РЕГИСТРАЦИИ «27» 12 1995 г.

**«БЕКИТИЛДИ»**
Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн
2022-жылдын 28-январь № 20
буйругу менен.

# «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби»

## мекемесинин

# УСТАВЫ

**1.Жалпы жоболор;**

**2.Жалпы билим берүү уюмунун ишин уюштуруу, предмети жана максаты;**

**3.Билим берүү жана башка кызмат кызматкерлердин тизмеси, кызмат кызматкерлердин тартиби;**

**4.Жалпы билим берүү уюмуна кабыл алуунун жана чыгаруу тартиби;**

**5.Билим берүү процесси, анын ичинен окутуунун жана тарбиялоонун тили (тилинин), окуп жаткандарга сабак берүү режимин, окуучулардын кийиминин формасын уюштуруу;**

**6.Билим берүү процессинин катышуучулары;**

**7.Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлеринин штаттын тарифтик тартиби, эмгекке акы төлөөнүн шарты жана тартиби;**

**8.Жалпы билим берүү уюмунун башкаруу органдары, алардын компетенциясы жана башкаруу тартиби;**

**9.Каржылоонун, чарбалык иштин түзүмү жана тартиби, билим берүү уюмунун ишин финансылык материалдык- техникалык жактан камсыз кылуунун булактары билим берүү уюмунун мүлкү;**

**10.Эл аралык кызматташтык;**

**11.Уставка өзгөртүүлөрдү , толуктоолорду киргизүү тартиби;**

**12.Жалпы билим берүү уюмун кайра уюштуруу жана жоюу.**

## 1.Жалпы жоболор

1.1 «Итикул Молдобаев» атындагы орто мектеби» мекемеси (мындан ары-жалпы билим берүү уюму)-мамлекеттик менчикте турган, билим берүү системасынын укугунан пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар бардык балдарга акысыз негизги башталгыч, негизги орто жана жалпы орто билим берүүчү мекеме болуп саналат. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемесинин уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги эсептелинет.

1.2. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартиптер күчүнө кирген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана нормалары жана өзүнүн уставын жетекчиликке алат.

1.3. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып юридикалык жак болуп саналат. Аталышы мамлекеттик жана расмий тилде жазылган Кыргыз Республикасынын герби түшүрүлгөн мөөрү, почталык дареги жазылган бурч-мөөрү (штампы) жана бланктары, банк уюмдарда валюталык жана эсептөө счеттору жана оперативдик башкарууда өзүнүн обочолонгон мүлкү болот жана мүлк Уставка ылайык ээлик кылынат.

1.4. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси өзүнүн атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке укуктарды ала алат, граждандык иш жүргүзүүгө катыша алат, сотто доогер жана жоопкер боло алат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган каалаган бөлүмдөрдү түзүүгө укуктуу.

1.5. Жалпы билим берүү уюмунун ишкердик убактысы чектелбейт.

1.6. Жалпы билим берүү уюмунун толук фирмалык аталышы: мамлекеттик тилде-«Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси, расмий тилде-учреждение «Средняя школа имени Итикула Молдобаева.

1.7. Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Ак-Талаа району, Жерге-Тал айылы, Турдакун көчөсү, 31 – үй.

## 2. Жалпы билим берүү уюмунун ишинин уюштуруу, предмети жана максаты.

2.1. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында уюшулат.

2.2. Жалпы билим берүү уюмунун иши төмөнкү принциптерге негизделет:

-Кыргыз Республикасынын бардык жарандары сапаттуу билим алуу укуктарына тендиги:

-гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;

-жарандуулук жана патриоттук;

-билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

-окутуунун динден тышкары мүнөзү;

-академиялык эркиндик жана ак ниеттик;

-жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.

2.3. «Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемесинин негизги максаттары болуп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негизин түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

2.4. Жалпы билим берүү уюму адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден-соолугун сактоону камсыздаган жана ар-тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинен өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

2.5. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрү жана ден-соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жоопкерчилик тартат.

2.6. Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү «Мамлекеттик билим берүү стандартына» ылайык иштейт.

2.7. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен тартип боюнча мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.

2.8. Жалпы билим берүү уюмунда класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын гигиеналык талаптарды сактоо менен комплектүүсү туурулуу санитардык-тазалык эрежелер менен класстардын толукталышынын чектөө ченемдердин негизинде Жалпы билим берүү процессин жүргүзү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

2.9. Жалпы билим берүү уюмунун класс-комплектилеринин толукталышынын чектөө ченеминин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт. Чакан комплекстүү жалпы билим берүү уюмунун класстарынын толукталышы тийиштүү шарттар жана каражаттардын болушуна жараша белгиленет.

2.10. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) сураныйчтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укутуу.

2.11. Жалпы билим беръ уюму окуучулардын керектөөлөрүн ар тараптуу канааттандыруу максатына кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнөн жүзөөгө ашырууга укуктуу. Кошумча билим берүү кызматтарынан түшкөн каражаттар билим берүү процессин өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүө, жалпы билим берүүчү уюмдун окуу базасын чыңдоого педагогдордун жана окуучулардын иштерине түрткү берүүгө жумшалат. Кошумча билим берүү кызматы КРнын Конституциясынын, КРнын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген. «Жалпы билим берүү уюмдарда кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө» жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

2.12. Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан жалпы билим берүү уюмуна атайын бекитилген медициналык кызматкер жүргүзөт. Эгерде жалпы билим берүү уюмунда медициналык кызматкер жок болгон учурда мекеме жайгашкан жери боюнча ФАП, УДТнун кызматкерлери Кыргыз Республикасынын « Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» мыйзамына ылайык жүргүзүлөт. Жалпы билим берүу уюмунун администрациясы менен бирдикте медициналык кызматкерда алдын-ала дарылоо иш-чараларын жүргүзүү, окуучулардын санитардык-тазалык ченемдери, тамактануунарынын сапаты жана режими боюнча жоопкерчилик тартат. Медициналык кызматкердин иш жүргүзүш үчүн жалпы билим берүү уюмунда башкаруу органы менен бирдикте окуучулар арасында ар-кандай оруулардын алдын алуу иштерин жүргүзөт.

2.13. Жалпы билим берүү уюмунда окуучулардын тамактануусун уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен аныкталган шартта жүзөгө ашырылат. Ысык тамак жалпы башталгыч билим берүү (1-4-кл) класстарында окуп жаткан окуучуларга жумасына 5 күнгө уюштурулат. Ысык тамакты уюштуруу Кыргыз Республикасынын республикалык, тийиштүү жергиликтүү бюджеттен жана бюджеттен тышкары кошумча жалпы билим берүү уюмунун көзөмөлчүлүк Кенеши тарабынан тартылган каражат жана ата-энелердин демөөрчүлүгү менен каржыланат. Ысык тамакты уюштуруу райондук билим берүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өткөрүлгөн тендердин жыйынтыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген көрсөткүчтөрдүн негизинде райондук билим берүү бөлүмү, жалпы билим берүү уюму жана тендердин жеңүүчүсүнүн ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан негиз болгон учурда, бюджеттик жана бюджеттен тышкары, ысык тамакты уюштуруу боюнча тендер Жалпы билим берүү уюму тарабынан уюштурулат жана өткөрүлөт.

2.14. Жалпы билим берүү уюмунда балдардын психикалык жана физиологиялык деңгээлинин окууга толук даяр эместигин жоюу максатында алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) суранычтарын эске алып, уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде компенсациялуу окутуу класстары ачылышы мүмкүн.

2.15. Жалпы билим берүү уюмунда уюштуруучусунун макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл-эсинде жана дене түзүлүшүндө кынтыгы бар окуучулар үчүн атайын (коррекциалоочу) класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн)макулдугу менен психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациянын корутундусу боюнча Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

2.16. Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү таризде жүзөгө ашырылат. Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу таризлеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн. Жалпы билим берүү уюмунун бардык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларынын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу таризин-экстернатты-колдоно алышат. Күндүзгү сырттан (кечки) билим алуу таризи жалпы билим берүү уюмунун 6-11. Үй-бүлөлүк, жекече, күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу, экстернат же ар кандай таризлердин айкалышкан түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү шарты жана тартиби. Жалпы билим берүү уюмунун же уюштуруучу тарабынан аныкталат же окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

2.17. Жалпы билим берүү уюму уюштуруучунун же ал ыйгарым укук берген органдын макулдугу боюнча юридикалык жак же филиал статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүн түзүп, аларды өз алдынча мүлк менен камсыздайт. Түзүмдүк бөлүмдөр озүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүн ачууга укуксуз. Юридикалык жак же филиал статусу алган түзүмдүк бөлүмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүшөт.Жалпы билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде өткөрүлөт.

2.18. Берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин дайындалышы ушул уставка ылайык жүргүзүлөт. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана келишимдин негизинде кесиптик уюмдардын жана бирикмелердин (педагогикалык ассоциацияларды, союздарды, окутуу-усулдук бирикмелерди ж.б. Кенештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана (же) алардын иштерине катышууга укуктуу.

«БЕКИТИЛДИ»
...билим берүү бөлүмүнүн
...№ 20

**3.Билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси,**

**Кызмат көрсөтүүлөрдүн тартиби**

3.1. Жалпы билим берүү үзгүлтүксүз үч баскычтуу тутум боюнча ишке ашырылат.

Биринчи баскыч-башталгыч жана жалпы билим берүү, милдеттүү. Анын ченемдик окуу мөөнөтү - 4 жыл (1-4-класстар); 0-классты киргизүү. 480 саат.

Экинчи баскыч-негизги жалпы билим берүү, милдеттүү (5-9-класстар);

үчүнчү баскыч-жалпы орто билим берүү, окуучунун жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) каалосу менен ишке ашырылат. Анын ченемдик окуу мөөнөтү -2 жыл (10-11-класстар);

3.2. Билим алуунун формалары (күндүзгү , күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу, дистанциялык (аралыктан), экстернант, ошондой эле үй-бүлөлүк жана жекече тийиштүү шарттар (педагогикалык кадрлары, окуу-методикалары, материалдык техникалык камсыз кылуу ж.б) болгондо жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча аныкталат.

3.3. Жалпы берүү программасынын конкреттүү чегинде билим алуунун баардык формалары үчүн сабак боюнча бирдиктүү стандарт колдонулат.

3.4. Билим берүүнүн мектептик баскычтар боюнча окуу жылынан мезгил өлчөмү:

-башталгыч жалпы билим берүүнүкү -34 окуу аптаны, 1-класстар үчүн -33 окуу аптаны (каникул мезгилдерин эсепке албаганда);

-негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүкү -34 окуу аптаны (каникул мезгилдерин эсепке албаганда) тузөт.

Баскычтар боюнча окуп жаткандардын максималдуу апталык окуу жүгү:

-башталгыч жалпы билим берүү: 1-класста- 23 сааттан көп эмес, 2-3-класстардан- 28 сааттан көп эмес, 4-класста- 29-сааттан көп эмес;

- негизги жалпы билим берүү 5-класста 34 сааттан көп эмес, 6-9-класстарда-36-сааттан көп эмес;

-жалпы орто билим берүү: 10-11-класстарга -36 сааттан ашпашы керек.

3.5. Жалпы билим берүчү уюму акы төлөмү негизинде төмөнкү багыттар боюнча кошумча кызматтар сабактарды көрсөтүүгө укуктуу:

-билим берүүчү (базистик окуу пландарынан сырткары окуу сабактары);

-чет тил;

-информатика жана эсептөө техникасынын негиздери (иэтн);

-мектепке чейинкилери үчүн даярдоо курстары;

- психологиялык жардам;

-культурологиялык (дүйнөлүк көркөм маданият, манас таануу, Айтматов таануу, этика, мекен таануу, дүйнөлүк цивилизациялар тарыхы, этнография ж.б.);

-көркөм-эстетикалык (көркөм өнөрканалар, хор, комуз, бий, кол өнөрчүлүк, манас таануу ооз комуз ж.б);

-спорттук ( волейбол, фудбол, теннис, шахмат ж.б.);

-экологиялык-биологиялык (курчап турган чөйрөнүн экологиясы, жандуу предметтердин экологиясы, ж.б.);

-туристтик-жер таануу;

-экономикалык-укуктук (бизнес клуб, колдонмо экономика);

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кошумча билим берүү кызматтарынын тизмеги кеңейтилиши мүмкүн. Кошумча кызматтагы предметтер кеңейтилген учурда жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин тизмесине ылайык кошумча предметтер боюнча окутууну жүзөгө ашыра берет.

Акы төлөмгө билим берүү кызматы жалпы билим берүү уюму менен окуучулардын ата-энелеринин же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде өзүнчө күндолүк боюнча ата-энелердин же башка мыйзамдуу өкүлдөрдүн каалоосу боюнча окуучуларга көрсөтүлөт. Жалпы билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлүүчү кошумча кызматтарга төмөнкүлөр кирбейт.

-базистик окуу пландарын ишке ашырууда класстарды чакан топторго бөлүү;

-жалпы билим берүүчү уюмдун статусуна ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизги билим берүү программалардын алкагында көрсөтүлүүү кызматтар;

-негизги жалпы билим берүү программалары үчүн бөлунгөн сааттардын эсебинен тандоо боюнча курстар, жеке жана топтук сабактар.

3.6. Жалпы билим берүү уюму балдардын жана өспүрүмдөрдүн ар кандай талаптары менен муктаждыктарын толук канааттандыруу, бош убакыттарын жана эс алуусун уюштуруу, ден-соолугун чыңдоо, кесиптик багыт берүү, инсанды адеп-ахлактык жана интеллектуалдык жактан жетилтүү максатында маданий-эстетикалык, табийгый-илимий, экологиялык-натуралистик, техникалык, спорттук жана башка багыттардагы мектептен тышкары билим берүүчу уюмдар тарабы аркылуу жүзөгө ашырууга укуктуу.

3.7. Жалпы билим берүү уюму тарабынан мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарга барбаган балдарга мектепке даярдоо Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарга барбаган балдарды мектепке даярдоо жөнүндө» токтомго ылайык, андагы шарттар так аткарылуу менен жүзөгө ашырылат.

3.8. Кесиптик окуу жайлар менен келишимдик негизинде.окуучуларды кесипке даярдоо кошумча кызматы көрсөтүлөт, ага жалпы билим берүү уюму окуу процессин жүргүзүүгө шарт түзөт.

**4. Жалпы билим берүү уюмуна кабыл алуунун жана чыгаруу тартиби.**

4.1. Жалпы билим берүү уюмунда окуучуларды кабыл алуу жылдын 25-августуна чейин жүргүзүлөт жана директордун буйругу менен бекитилет.

4.2. Жалпы билим берүү уюмуна бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалым каттарынын негиздеринде мектепке билим берүүнүн баардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акысыз жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт.

4.3. Жалпы билим берүү уюму кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да локалдуу документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

4.4. Жалпы билим берүү уюмуна башталгыч жалпы билим берүүгө кабыл алууда төмөнкү документтер талап кылынат:

-ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) мектепке кабыл алуу боюнча арызы;

-баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

-ден-соолугу жөнүндө медициналык маалымдама;

-милдеттүү камсыздандыруу полиси;

-өздүк дело;

-ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жашаган жери боюнча үй-бүлөлүк справка.

4.5. Окуучулардын өз эрки менен бир мектептен экинчи мектепке которулуп келүү, чыгуу ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызынын негизинде жүргүзүлөт.

4.6. Жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү уюмунун уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү уюмунан чыгарууга жол берилет. Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөр) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

4.7. Төмөндөгүлөргө мектеп окуучусуна катуу тыюу салынат.

*Ок атуучу, ок атпоочу (бычак, маки) куралдарды мектепке алып келүүгө, пайдаланууга же бирөөгө берүүгө;

*Спирттик ичимдиктерди алып келүүгө, ичүүгө жана тамеки тартууга, уулуу жана наркотикалык заттарды алып келүүгө, пайдаланууга;

*өрт чыгаруучу жана жардыруучу заттарды алып келүүгө;

*Коркутуп, үркүтүү максатында күч колдонууга, рекетчилик жасоого;

*Сабак учурунда мечитке жана даават сапарына чыгууга;

*Диний экстремистик багыттагы китептерди, баракчаларды, электрондук сактагыч маалымат булактарын алып келүүгө;

*өз айланасындагыларга коркунуч келтирүүчү ар кандай иштерди уюштурууга.

4.8. Жогорудагы жагдайлар болгондо жалпы билим берүү уюму тарабынан окуу жайдан чыгаруу менен чыгарылган окуучунун жалпы жетишпегендерди кароо комиссиясынын чечими менен атайын окуу тарбиялоо мекемелерине жиберилет.

4.9. Жетим балдарды жана ата-энелеринин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү. үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

### 5. Билим берүү процесси, анын ичинен окутуунун жана тарбиялоонун тили (тилдерди), окуп жаткандарга сабак берүү режимин, окуучулардын кийиминин формасын уюштуруу

5.1. Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын дешгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзүлөт:

-жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү -4 жыл)

-жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү 5 жыл)

-жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү -2 жыл)

5.2. Жалпы билим берүү уюмуна 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес жүргүзүлөт.

5.3. Башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын окуудагы, жазуудагы жана саноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрүн, логикалык ой жүгүртүү элементтерин жана таанып-билүү ишин, өз алдынча билим алуунун жана

өзүн өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын, жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын, өздүк тазалыгынын негиздерин жана жашоонун сергек адаттарын өздөштүрүү эсептелет.

5.4. Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүү жана өзүн өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет. Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

5.5. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт. Жалпы орто билим башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

5.6. Жалпы билим берүү уюмундагы Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамы аныктаган экстернат таризинен тышкары тездетилген окутуу программалары боюнча жалпы орто билим берүүгө жол берилбейт.

5.7. Акыл-эсин жана (же) дене түзүлүшүн коррекциялоого муктаж балдар үчүн атайын жалпы билим берүү уюмунда окутуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

5.8. Жалпы билим берүү уюмунда тийиштүү шарттар болсо окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтарына ылайык ар кандай окутуу профилдерин жана багыттарын киргизүү мүмкүн.

5.9. Конкреттүү жалпы билим берүү уюмунда жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандартынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталып, жалпы билим берүү уюму өз алдынча ишке ашырат. Жалпы билим берүү уюму мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык өз алдынча иштеп чыккан модификацияланган жалпы билим берүү программаларынын экспертизасын педагогикалык багытта иштеген илимий-изилдөө институту өткөрөт.

5.10. Жалпы билим берүү уюмунун окутуу тили-мамлекеттик кыргыз жана расмий орус тилдеринде. Кыргыз Республикасында расмий тили катары орус тили,окутуу орус тилиндеги болгондорго кыргыз тили ошондой эле бири чет тил, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен базистик окуу планына ылайык окутулат.

5.11. Жалпы билим берүү уюмунун тийиштүү шарттары (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, негизги жалпы билим берүү программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

5.12. Кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматы окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдуктары менен тийиштүү шарттар түзүлсө өткөрүлөт.

5.13. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун тариздерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучулардын которуу сынактарынын мезгилдүүлүгүн жана тариздерин тандоого укуктуу.

5.14. Жалпы билим берүү уюмунда базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт. Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана базистик окуу планын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбош керек. Башталгыч билим берүү , негизги жана

орто билим берүү аптада 5 (беш) күндүк иш режими менен жүргүзүлөт жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылат.

Окуучулардын сабактарынын режими Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык төмөндөгү аныкталат: 1,2 смен менен окутулуп, 1 смен-жайкы мезгилде саат 8:00дон 13:30го чейин, 2 смен саат 13:30дан 18:30га чейин, смендин башталышын педагогикалык кенеш аныктайт. Сабактын узактыгы 1-класстын окуучулары үчүн 40 минута, ал эми 2-11-класстын окуучулары үчүн 45 минутаны түзөт, ар бир сабактын аралыгында бекитилген мөөнөтүнө ылайык дем алуу танаписи берилет.

5.15 Жалпы билим берүү уюмдарында окуу жылы 15 -сентябрдан башталат мектепте билим берүүнүн 1-2-3-баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде, 34 аптадан кем эмес. Ал эми 1-класста-33 аптаны түзөт. Окуу жылынын ичинде каникулдардын созулушу 30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык жумадан кем эмести түзөт. 1-класстын окуучуларына окуу жылынын ичинде кошумча бир апталык каникулдар берилет. Жалпы билим берүү уюму жылдык (календардык) окутуу жүгүртмөсүн билим берүүнүн мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашып бекитет.

5.16. Мамлекттик билим берүү саясатын ишке ашырган жалпы билим берүү уюмдарынын ишин мамлекеттик көзөмөлдөөнү билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү жүргүзөт.

5.17. Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп жаңы типтеги жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тартипте 5 жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

5.18. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмунда окуучулардын жүрүш-туруш эрежелеринин нормаларын үйрөтүү, көндүрүү мектеп окуучуларын бирдиктүү кийинтүү максатында окуучулардын бирдиктүү дизайнда мектеп формасы кабыл алынат. Жалпы билим берүү уюмунун окуучуларынын формасын киргизүү боюнча маселелер Көзөмөлчүлүк кеңеш жана ата-энелер комитеттери менен бирге иштелип чыгат.

## 6. Билим берүү процессинин катышуучулары

6.1. Жалпы билим берүү уюмунун окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөр) эсептелет.

6.2. Окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрү) укуктары жана милдеттери:

**Окуучулар төмөндөгүлөргө укуктуу:**

-Жалпы билим берүү уюмунан алган билимине жана курагына жараша ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуу таризин тандоого;

-Мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлине милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;

-Кошумча билим берүү кызматынын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;

-Жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;

-Окуучулар өз эрки менен мектептеги ар кандай ийримдерге, студияларга ж.б. окуучулардын уюмдарына катышууга;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеинлдиктерин пайдаланууга;

-Уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;

-Инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана анын ынанымдарын эркин айтууга;

-өмүр коопсуздугун жана ден-соолугун чыңдоо үчүн окутууга түзүлгөн шарттардан пайдалануу; Окуучулук аброюн урматталышын;

-Мамлекет тарабынан кепилденген социалдык кепилдик жана компенсацияларды алууга;

-Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүну аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндо документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

**Окуучулар төмөндөгүлөргө милдеттүү:**

-Окуучулар жалпы билим берүү уюмунда тырышчаактык менен ар тараптуу билим алууга умтулууга, өзүн үлгүлүү алып жүрүүгө, мектептин ишине активдүү катышууга;

-Окуучулар үчүн тиешелүү эрежелерди сактоого;

-Жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;

-мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө

-Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтого;

-Ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим формасынын талаптарын аткарууга;

-Сабак учурунда сабакка толук катышууга жана сабакка кечикпей келүүгө;

-Сабак учурунда мечитке жана даават сапарына чыкпоого;

Жалпы билим беруу уюмунун мүлкүнө этияттык мамиле кылууга милдеттүү. Окуучулар бирге окуган окуучуларга кара күч жана психикалык ыкмаларды колдонууга тыюу салынат. Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын жана жалпы берүү уюмунун уставы менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

6.3. Окуучулар мектептеги өзүн өзү башкаруу уюмуна жана ар-кандай чыгармачылык ийримдерге катышуу менен өзүн коомдун мүчөсү катары иш аракетин жүргүзө алат;

6.4. Окуучулар мектепте өзүн өзү тейлөө иштерине тартылат жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша коомдук пайдалуу эмгекке катыша алат, анда анын ден-соолугун коргоо гигиеналык талапка ылайык жүргүзүлөт.

6.5. Окуучулардын туристтик жүрүштөрү, экскурсияларды мектеп директору тарабынан бекитилген планга ылайык мугалимдердин жетекчилиги менен белгиленген мөөнөттө, маршрутта алардын жашына, ден-соолугунун абалына жараша коопсуздук эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт.

6.6. Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларынын инсандын кадыр-баркын урматтосунун негизинде жолго салынат. Окуучуларга карата кара күч психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат.

6.7. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) макулдугусуз жалпы билим берүү программаларында жана базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга жол берилбейт.

6.8. Окуучуларды коомдук-саясий диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүн (өтүүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык компаниялар менен саясий акцияларына катышуусун мажбурлоого жол берилбейт.

6.9. Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.

6.10. Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдөгү өздөштүргөн окуучулар жалпы билим беруу уюмунун педагогикалык кешешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.

6.11. өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт.

6.12. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөнн билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат. Жалпы билим берүү уюму жалпы негизги уюму орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалым кат тапшырылат.

6.13. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат. Бир же бир нече сабактарда өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөргө «Айрым сабактарда өздөштүрүүдө өзгөчо ийгиликтери үчүн» деген мактоо грамотасы менен сыйланат. Баардык сабактар боюнча эн жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары «Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн» деген мактоо баракчасы менен сыйланат.

6.14. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө укуктуу.

Жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;

-Уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмунун башкаруусуна катышууга;

-Билим берүү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга;

Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;

Баласынын сабакка катышуу, жетишүүсүн талкуулаган пед.советке катышууга;

-Көзөмөлчүлүкк кеңешке мүчө болууга жана өз оюн жалпы мектептин класстын чогулуштарында айтууга;

-Билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну

-Окуп жаткандардын жетишүүсү жөнүндө таанышууга, директордун уруксаты менен сабак өтүп жаткан мугалимдин макулдугу боюнча сабактарга катышууга;

-Баласынын сабакка жетишүү баалары менен класс жетекчисине жазуу же оозеки түрүндө таанышууга;

-Окуу тарбия процессин жетектөөчү документтер жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен таанышууга;

-Көзөмөлчүлүк кеңешине максаттуу жардамдарды берүүгө жана өз ыктыярдуу мүчөлүк акы берүүгө укуктуу.

6.15. **Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү;**

-балага жалпы орто билим алуу үчүн толук зарыл шарттарды түзүүгө;

-балдардын куч-кубатына жана психикалык ден-соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;

-баланын бош убактысын туура пайдаланууга үрөтүүгө жана көзөмөлдөөгө;

-мектептен сырткары учурда (сабактан окуу мөөнөтүн сырткары,майрам күндөрү, каникул учурунда) бош убактыларын туура пландап берүүгө, көзөмөлдөп жоопкерчиликте болууга, анын ден-соолугу жана өмүрүн жоопкерчиликте болууга;

-баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоого;

-жалпы билим берүү уюму тарабынан балага карата коюлган талаптарга туура баа берүү менен кабыл алууга;

-ата-энелер чогулушуна катышууга;

-жалпы билим берүү уюмунун уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана балдары жалпы билим берүү уюмдарына зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө,

6.16. Ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүү уюму менен ушул уставка ылайык түзүлгөн келишимде бекитилиши мүмкүн.

6.17. Жалпы билим берүү уюмун мугалимдер менен толуктоо (комплектөө) Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт. Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүү болуп Жалпы билим берүү уюму эсептелет. Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистике ээ болгон адамдар кабыл алынат. Педагогикалык билими жана дасыгы жок жарандар кайра даярдоо курсунан өтүшкөндөн кийин гана педагогикалык кесипте иштөөгө укуктуу. Соттолгон же Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмунда иштөөгө жол берилбейт. Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлот.

6.18. Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

6.19. **Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:**

-окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплектерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;

-мамлекеттик билим берүү стандартынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын окуу китебин, окутуу.

-алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;

өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;

-кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;

өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта жалпы билим берүү уюмунун администрация мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);

-Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестациялануута; уставында аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга; Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

6.20. **Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

-педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга; -мамлекеттик билим берүү стандарттарынын дещгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим беруу программаларын, өздөштүрүүнү камсыздоого;

-окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогорку ахлактык сапаттарын тарбиялоого:

-билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө; өзүнүн кесиптик денгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;

-окуучуларга карата маралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен мугалимдердин кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

6.21. Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча сааттардын санына, жалпы билим берүү уюмунун кадрлар менен камсыздыгына жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат. Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул жалпы билим берүү уюму негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат. Мугалимдердин макулдугусуз кесиптик милдеттери жана эмгек келишим менен каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары, эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло албайт.

6.23. Жалпы билим берүү уюмунун башка категориядагы кызматкерлердин укуктары менен милдеттери тийиштүү типтеги дасыктык мүнөздөмөлөрү менен аныкталат.

## 7. Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлеринин штатын түзүүнүн тартиби, эмгекке акы төлөөнүн шарты жана тартиби.

7.1. Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлеринин штаты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык түзүлөт. Штаттын саны окуп жаткан окуучунун санына жараша белгиленет.

7.2. Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлерине эмгек акы жана кызматтык маяна алардын эмгек келишиминде каралган иш-милдеттерин жана жумуштарды аткаргандыгы үчүн төлөнүп берилет. Кызматкер аткарган башка жумуштар менен милдеттерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда жумуштун көлөмүнө жараша кошумча келишим боюнча төлөнүп берилет.

7.3. Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлеринин эмгек маянасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык окуучулардын окутуу сааттарына жана жетекчилеринин кызматтык маяналары окуучулардын санына жараша төлөнүп берилет. Кыргыз Республикасынын «Бирдиктүү тарифтик сетканын негизинде жумалык жүктөмү, (аттестациянын жыйынтыгы жана категориясы) дагы эсептелип кошулат.

7.4. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн тескөөсүндөгү каражаттардын чегинде эмгекке акы төлөөдө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдөгү жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдагандарга эмгек акысына (дифференцияланган) үстөктөрдү өз алдынча коё алат.

Билим берүү кызматкерлерине төмөндөгүдөй  кошумча акы белгиленет:

-илимдин доктору же кандидаты деген илимий даража үчүн – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык;

-5 жылдык педагогдук иш стажысы үчүн – эмгек акынын он пайызынан аз эмес, 10-жыл үчүн – жыйырма пайызынан аз эмес, 15 жана андан көп жыл үчүн – отуз пайызынан аз эмес өлчөмдө

7.5. Кыргыз Республикасынын «Бийик тоолуу шарттарда алыска барууга кыйын болгон зооналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдагы №377 токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюму бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын зооналарда шарттарда жайгашкандыктан кызматкерлерге иш стажысына ылайык  проценттик кошумча маяна акы төлөнүүгө укуктуу.

7.6. Жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинде, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө » жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу», Кыргыз Республикасынын «Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын болгон зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө » мыйзамына, башка ченемдүү укук актыларына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  токтомдорунда каралган баардык гарантиялар (иштөө убактысы, кошумча эмгек өргүү, эс алуу күн) жана компенсацияларды (үстөк эмгек акы, пенсия жөлөк пул) толук пайдаланууга укуктуу.

7.7. Жалпы билим берүү уюмунун мугалимдери аткаруучулук жөндөмдүлүгүн, иштеген жоопкерчилигине жараша ставкадан тышкары сааттардан кошумча алууга жана о.э. категориясын жогорулатуу үчүн кезексиз аттестациядан өтө алышат.

7.8. Жалпы билим берүү уюмунун мугалимдери директордун буйругунун негизинде:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине ылайык өз каалоосу жана иш берүүнүн демилгеси боюнча;

2) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, «Билим берүү жөнүндө»  мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актыларын бузганда;

3) Жалпы билим берүү  уюмунун Уставынын талаптарын 1 жылдын ичинде кайталап одоно бузганда;

4) Окуучуга, тарбиялануучуга карата күч колдонуп жана (же) психикалык зомбулук көрсөтүшүнө байланышкан тарбиялоо усулдарын пайдаланганда кызматтан бошотулат.

## 8. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу, анын органдары, алардын компетенциясы жана башкаруу тартиби.

8.1. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү  жөнүндө» мыйзамына, ушул уставка ылайык демократиялык, ачык-айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик – коомдук кызматташтык принципитерине ылайык жүргүзүлөт.

8.2. Жалпы билим берүү уюмунда тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, Көзөмөлчүлүк  кеңеш, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары эсептелинет.

8.3. Ата-энелер комитети  үч жылдык мөөнөткө  ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер

комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 2 жыл (же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырылып турат).

Анын иш-аракеттерин ыңгайлаштыруу (кординациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же мектептен жана класстан тышкаркы иштерин уюштуруучусу кириши мүмкүн.

Комитеттин иш аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, жалпы билим берүүчү уюмдун уставына ылайык ишке ашырылат.

Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат. Комитеттин чечими жалпы билим берүүчү уюмдун чыгарылган буйругу менен гана милдеттүү катарында ишке ашырылат.

Ата-энелердин милдеттери болуп жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен алардын укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй бүлөдө баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

8.4. Көзөмөлчүлүк кеңеш – жалпы билим берүү уюмунун Уставдык максатына жетүүсү, билим берүү сапатын жогорулатуу, кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуу жана алардын максаттуу пайдаланышын контролдоо боюнча көмөк көрсөтүү функцияларын жүзөгө ашыруучу, юридикалык статусу жок, жалпы билим берүү уюмунун тең башкаруусунун шайлануучу органы болуп саналат.

**Көзөмөлчүлүк кеңешинин милдеттери болуп :**

1.Жалпы билим берүү уюмунун ишинин натыйжалуулугун уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

2. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү;

3. Жалпы билим берүү уюму жарандык коомдук, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

4. Жалпы билим берүү уюмуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу;

Көзөмөлчүлүк кеңеш – ишкерлер чөйрөсүнүн өкүлдөрүнүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүкк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн, ата-энелер бирикмелеринин өкүлдөрүнөн түзүлүп, анын курамы 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

Көзөмолчүлүк кеңешти түзүү, анын ишинин максаттары, принциптери, укуктук негиздери жана ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндөгү» мыйзамы менен жөнгө салынат.

Көзөмөлчүлүк кеңеш – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы келбеген булактардан (жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнүн, кайрымдуулуктарынан, материалдык демөөрчүлүкк) финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу.

Көзөмөлчүлүк кеңеш – тарабынан тартылган акчалай каражаттарды топтоштуруу үчүн жалпы билим берүү уюму тарабынан банктык мекемеде топтомдо эсеп ачылат. Жалпы билим берүү уюмунун атайын топтомдо эсептик счетуна түшкөн каражат Көзөмолчүлүк кеңеш макулдашуусу менен дайындуу максаттарга сарпталат.

Көзөмөлчүлүк кеңеш ишин уюштурууга, кенеш тарабынан тартылган акча каражаттардын 2 пайызынан көп эмес акча каражаты пайдаланылат.

Көзөмөлчүлүк кеңеш өз иши жөнүндө жалпы маалымдоо каражаттарында отчет жарыялайт.

8.5. Окутуу-тарбиялоо процессин өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында педагогикалык кеңеш түзүлөт. Педагогикалык кеңеш жалпы билим берүү уюмунун окуу-тарбиялоо ишинин негизги маселелерин кароо үчүн дайыма иштөөчү педагогикалык кызматкерлерин бириктирген директор төрагалык кылуучу коллегиалдуу органы болуп саналат.

Педагогикалык кеңештин отуруму (заседаниеси) окуу жыл ичинде жалпы 5 жолу, (бир жолу чейрек сайын жана окуу жылынын башында), ал эми зарыл болгон учурда кезексиз отурум чакыртылынат. Педагогикалык кенеш билим берүү уюмунун иш планын бекитет, директордун, орун басарлардын жана мугалимдердин отчетторун, маалыматтарын угат.

Педагогикалык кеңеш ийримдерди, студияларды, клубдарды жана башка окуучулардын бирикмелерин түзүү чечимин кабыл алат.

Педагогикалык кеңеш билим берүүнүн мазмунун, окутуу-тарбиялоо иштеринин формаларын, ыкмаларын талкуулайт жана тандайт. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзөт, окуучуларды экзамендерге жиберүү, класстан класска көчүрүү, билими тууралуу күбөлүк жана аттестат берүү,окуучуларды жана кызматкерлерди сыйлоо чечимин чыгарат.

8.6. Жалпы билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат. Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 5 жылга чейинки мөөнөткө, бирок катары менен экиден ашык эмес мөөнөткө түзүлгөн эмгек келишимдин негизинде дайындалат жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык кызматтан бошотулат.

Директорлук кызматка Кыргыз Республикасынын жараны, жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажысы бар. Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү, каржылоону, мектепте билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген жаран дайындалат.

8.7. Директордун орун басарын жана материалдык-жоопкерчиликтүү кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу жалпы билим берүү уюмунун директорунун сунуштамасы боюнча Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана бошотууну жалпы билим берүү уюмунун директору Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайык жүргүзөт.

8.8. Жалпы билим берүү уюмунун директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана жалпы билим берүү уюмунун уставына ылайык жекече түрдө жооп тартат.

8.9. Директор:

-Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укук актыларын сактап, жалпы билим берүү уюмун башкарат жана керектүү документтерге, анын ичинен Уставка кол коет жана ишеним кат берет;

-Жалпы билим берүү уюмунун атынан эмгек келишимин, жарандык укуктук келишимдерди жана бүтүмдөрдү түзөт;

-Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын жана башка мекемелердин алдында жалпы билим берүү уюмунун укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт.

-Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте жалпы билим берүү уюмунун негизги өнүгүү багыттарын аныктап ишке ашырат.

-Жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;

-Мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт.

-Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат.

-Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;

-Класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо иштерин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;

-Мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт;

-Билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;

-Балалыкты коргоо, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды контролдойт жана сактайт;

-Гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинен кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да натыйжалуу пайдаланууну жүзөгө ашырат жана жекече түрдө жооп берет;

- Көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан тартылуучу акча каражаттардын түшүүсүн, уставдык максаттарга жумшалышы үчүн банктык мекемеде эсептик счет ачат;

-Жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык- тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;

-Жетектеген билим берүү уюмунда өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрүнө жана ден-соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өмүрлөрүнө коркунуч алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигинин жекече түрдө тартат;

-Кызматтык милдеттерге, жалпы билим берүү уюмунун уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.

8.10. Жалпы билим берүү уюмунун директору Ак-Тала райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругунун негизинде:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык өз каалоосу жана иш берүүчүнүн демилгеси боюнча;

2) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актыларын бузганда;

3) Жалпы билим берүү уюмунун Уставынын талаптарын 1 жылдын ичинде кайталап, одоно бузганда;

4) Окуучуга, тарбиялануучуга карата күч колдонуп жана (же) психикалык зомбулук көрсөтүшүнө байланышкан тарбиялоо усулдарын пайдаланганда кызматтан бошотулат.

Соттун өкүмү жана медициналык көрсөтүмү боюнча иш жүргүзүүгө тыюу салынган, ошондой эле кылмыштын айрым түрүн жасагандыгы үчүн соттолгон адам жалпы билим берүү уюмунун директору боло албайт.

## 9. Каржылоонун, чарбалык иштин түзүмү жана тартиби, билим берүү уюмунун ишин финансылык, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун булактары, билим берүү уюмунун мүлкү

9.1. Жалпы билим берүү уюму төмөндөгү булактардан каржыланат:

-республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;

-уюмдаштыруучулар катары жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана жарандардын каражаттары;

-жалпы билим берүү уюмунун менчик каражаттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган консультативдик, илим изилдөөчүлүкк, басма, өндүрүштүкк жана киреше киргизүүчү башка иштерден, ошондой эле бюджеттен тышкары билим берүү ишинин жана кошумча билим берүү программаларынын баардык түрлөрүнүнн, анын ичинде мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде келип түшкөн каражаттар;

-депозиттик салымдардан келип түшкөн кирешелер;

-жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк уюмдар, жарандардын өз ыктыярлары менен кошкон кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү;

-кредиттер;

-окуп жаткандарга берилүүчү мамлекеттик гранттар;

- Көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан тартылган каражаттар;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

9.2. Жалпы билим берүү уюмун каржылоо билим берүү уюмдарынын баардык түрлөрү жана типтери боюнча окуп жаткандардын ар бирине класс-комплектисине жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жүзүндө жумшалуучу чыгымдарды ырааттуу көбөйтүү принцибинде жүзөгө ашырылат.

9.3. Окуп жаткандардын ар бирине класс-комплектисинин, топтун типтүү ченемдерин эске алуу менен билим берүү уюмдарынын муктаждыгын каржылоонун көлөмү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитүүчү ар жылкы республикалык бюджеттен каралат.

9.4. Кошумча булактардан тартылган каражаттар үчүн мамлекеттик каржылоонун ченемдерин же абсалюттук өлчөмдөрүн азайтууга алып келбейт жана жалпы билим берүү уюмунун финансалык каражаттарынан алынып коюлбайт;

9.5. Аз комплектелген айылдык мектептерди каржылоо ченемдери окуп жаткандардын санына карабастан кеткен чыгымдарды эсепке алуу менен түзүлөт.

9.6. Жалпы билим берүү уюму өндүрүштүк (питомник, күнөскана, айыл чарба иштетүү, ижарага берүү), мындан тышкары кошумча билим берүү кызматынан киреше алууга укуктуу. Жогорудагы бюджеттен тышкары түшкөн каражаттар Жалпы билим берүү уюмунун Уставында каралган максаттарга гана багытталат;

9.7. Жалпы билим берүү уюму окуу китептерин ижаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат;

9.8. Жалпы билим берүү уюмунун Уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү жалпы билим берүү уюмуна бекитип берет;

9.9. Жалпы билим берүү уюму уюштуруучусунун макулдугу менен ашканасын, спорттук залын жана окуу процессине пайдаланылбаган бош бөлмөлөрүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күроөгө берүүгө укуктуу. Эгерде жалпы билим берүү уюмунун негизги фонддорун үчүнчү тараптын пайдасына ажыратуу каралса, жалпы билим беруү уюму бүтүм түзүүгө укуксуз;

9.10. Жекече жана юридиклык жактар белек, кайрымдуулук, же керез катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик обьектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешелерге сатып алынган менчиктик обьектилерине да жалпы билим берүү уюмунун менчиктик укугу таандык. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Жалпы билим берүү уюмуна көрсөтүлгөн акча каражаты жетпей калса, анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

9.11. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, жалпы билим берүү уюмдарын ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

9.12. Жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасына билим берүү, илим изилдөө иштерине, билим берүү чөйрөсүнүн башка маселелерин чечүүгө пайдалануучу курулуштар, коммуникациялык, машиналар жана жабдуулар, транспорттук, ошондой эле башка материалдык-техникалык каражаттар кирет.

9.13. Жалпы билим берүү уюмунун өзүнө бекитилген жана (же) менчик укугуна таандык болгон имараттарды, курулуштарды, жабдууларды, ошондой эле социалдык, маданий жана башка багыттагы мүлктү, Кыргыз Республикасындагы колдонуучу ченемдерге аныкталган деңгээлден төмөн болгон күтүүнү камсыз кылат;

9.14. Жалпы билим берүү уюму өз ишин камсыз кылуу максатында имараттарды, курулуштарды, жабдууларды, ошондой эле керектелүүчү социалдык, маданий жана башка багыттагы зарыл керектүү башка мүлкторду оперативдүү башкаруу укугу менен пайдаланылат;

9.15. Бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен сатып алынган мүлк жалпы билим берүү уюмунун өз алдынча тескөөсүнө келип түшөт жана өзүнчө балансқа эсепке алынат;

9.16. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде айыл чарба багытындагы жерлерди ижарага алууга, кызматтык жер үлүшүн пайдаланууга мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет. Бул участокторду пайдалануу укугу Кыргыз Республикасынын «Жер кодекси» менен жөнгө салынат;

9.17. Жалпы билим берүү уюмунун имараттары жана курулмалары менчиктештирүүгө жана сатылууга жатпайт жана билим берүүдөн башка максаттарга пайдалануу үчүн алынып коюлбайт;

9.18. Жалпы билим берүү уюму жабдууларды алууга, капиталдык ремонт жүргүзүүгө кеткен чыгымдардын өлчөмүн тиешелүү тартипте бекитилген киреше жана чыгым сметасынын чегинде керектөөгө жараша жана болгон финансы каражаттарына лимиттерди белгиленбестен өз алдынча аныктайт;

9.19. Жалпы билим берүү уюму ремонтко жана балансасында турбаган, өздөрүнө бекитилип берилген материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө тиешелүү финансы чыгымдарын жумшайт;

9.20. Жалпы билим берүү уюмуна уюштуруучу жана мамлекеттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде

материалдык-техникалык базасын куруу жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүүгө милдеттүү;

9.21. Билим берүү илим-изилдөө, өндүрүштүк ишке жана билим берүү чөйрөсүнө жана башка маселелерди чечүүгө пайдаланылуучу жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы мамлекеттик эмес (жеке менчик) уюмдарга бекер ижарага берилбейт. Материалдык-техникалык базаны мамлекеттик эмес (менчик) уюмдарга ижарага өткөрүп берүүдөн түшкөн киреше бюджетке алынып коюлбайт жана уставдык максаттар үчүн пайдаланылат;

9.22. Жалпы билим берүү уюму мүлктүн сакталышы жана пайдаланышы үчүн жоопкерчилик тартат жана финансылык-чарбалык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

9.23. Жалпы билим берүү уюмуна республикалык жана жергиликтүү бюджеттен берилген каражаттар казыналык тарбынан жана жалпы билим берүү уюму иштеп тапкан, бюджеттен тышкары түшкөн баардык каражаттар Көзөмөлчүлүк кеңеш жана коомдук инстуттар тарабынан көзөмөлдөнөт.

9.24. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкаркы каражаттарды чыгымдоо маселеси Көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан чечилип аныкталат.

## 10. Эл аралык кызматташтык.

10.1. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## 11. Уставка өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү тартиби.

11.1. Жалпы билим берүү уюмунун уставына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

## 12.Бюджеттик каражаттардын чыгашасы жөнүндө коомдук угууларды өткөрүүнүн тартиби

12.1 Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-карашы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттардын чыгымдалашы жөнүндө коомдук угууларды өткөрүүгө милдеттүү.

12.2. Билим берүү уюмдарынын билим берүү процессинин катышуучулары, жарандык сектордун өкүлдөрү жана баардык кызыкдар адамдар коомдук угууларга катыша алышат.

## 13. Жалпы билим берүү уюмун жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.

13.1. Окуу жылынын аягында жалпы билим берүү уюму жоюлса же өзгөртүпп уюштурулса, билим берүүнү мамлекеттик башкарууну тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөр) менен макулдашып, аларды башка жалпы билим берүү уюмдарына которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

13.2. Жалпы билим берүү уюмунун жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу, Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын «юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик» каттоо жөнүндө аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**«Итигул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемесинин директору:** **Саякбаева Назира Шабданбекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

**Нарын облусунун юстиция башкармалыгы**

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

**78688-3304-М-е**
каттоо номуру

**23594367**
ИУЖК коду

**01711200410247**
идентификациялык салык номуру

**Нарын**
шаары

**2022-жылдын 28-январы**

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы**
«Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби» мекемеси

**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Мекеме

**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Ак-Талаа району, Жерге-Тал айылы, Турдакун көчөсү, № 31-үй

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы**
2004-жылдын 17-ноябры.

сериясы **ГПЮ**

№ 0042811

**Начальниктин м. а.**
жетекчиси

**Н. Ж. Тентимишова**
аты, фамилиясы